№4. 18-сентябрь 2020-жыл

*Тил – мамлекеттүүлүктүн жана элдин түбөлүктүүлүгүн камсыздайт!*

# ТИЛ TIMES

Маалымат баракчасы

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ






# КЫРГЫЗ ТИЛИ – МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮБҮЗДҮН БЕЛГИСИ, ЭЛИБИЗДИН ЫНТЫМАГЫНЫН, БИРИМДИГИНИН НЕГИЗИ



Бүгүн 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү. Мындан туура 31 жыл мурун, тагыраак айтканда 1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тили мамлекеттик тил деген статуска ээ болуп, ошондон бери бул күн өлкөбүздө тил майрамы катары белгиленип келет. Андыктан баарыңыздарды бүгүнкү майрамыңыздар менен куттуктап кетмекчимин!

Бүгүн тилин жоготкон эл, эртең мамлекеттүүлүгүн жоготот. Тарыхта жүздөгөн элдердин башка элге сиңип, жок болуп кеткени баарыбызга маалым. Тилибизди көздүн карегиндей сактап, өнүктүрүп өстүрүү ар бир кыргыз атуулунун ыйык милдети.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө ар тараптуу камкордук көрүлүп, Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндөгү Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын 2021-2025-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук Программасы элибиздин алдына көптөгөн милдеттерди коет. Кыргыз мамлекеттик техникалык университетибиз да өз алдына бир топ иш-чараларды пландаштырды. Алдыда мамлекеттик тилде техникалык багыттагы окуу-усулдук колдонмолорду, окуу китептерин, окуу куралдарын мындан да көбүрөөк чыгаруу, башка улуттагы кызматкерлерге мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүнү жана тил үйрөнүү курстарын ачуу, мамлекеттик тил жана улутту таанытуучу улуттук дөөлөттөр боюнча семинарларды, илимий-тажрыйбалык конференцияларды, кереге кеңештерди уюштуруу, этномузейди ачуу сыяктуу маселелер каралган. Студенттердин патриоттук демин көтөрүү, мамлекеттик тил аркылуу элин-жерин сүйүү, улуттар арасында ынтымактын тили экендигин далилдөө боюнча иш-чаралар байма-бай өткөрүлөт. Университеттин бардык факультеттеринде "Мамлекеттик тил - жалпы улуттук кенч", "Тил тагдыры-эл тагдыры" темаларда адабий-музыкалуу кечелер, ыр кесе, тегерек столдор пландаштырылган жана өткөрүлүп турат.

Ошондой эле, жогоруда белгилеп кеткендей, учурда мамлекеттик тилде техникалык багытта чыгарылган окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолору жетишсиз жана аларды даярдап чыгаруу – учурдун талабы. Андыктан, бул маселени да колго алуу максатында университеттин профессордук-окутуучулук курамынын арасында жыл сайын сынактар жарыяланып ар кандай номинациялар: мыкты окуу китеби, окуу куралы, окуу-усулдук комплекси, колдонмолор боюнча өткөрүлүп турат.

Азыркы учурда пандемияга байланыштуу университетте онлайн, аралыкта окутуу жана иш алып баруу улантылууда. КМТУда бул жагдайда жакшы аракеттер болууда жана окуу жайдын профессордук-окутуучулар курамы окутуунун жаңы форматтарын мыкты өздөштүрүп жатканын көрүп жатабыз. Технологияны мыкты өздөштүргөн IT-адистердин жардамы менен эң ыңгайлуу программаларды окуу процессине киргизип, электрондук порталдарга видеосабактарды, видеолекцияларды жүктөшүп, ушул сыяктуу иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Ар түрдүү программалар аркылуу, мисалы, белгилүү бир мөөнөткө чейин Zoom, ошондой эле Jitsi Meet, TIMS, DisCord ж.б.у.с. акысыз түрдө колдонуп мамлекеттик тилде сабактар өткөрүлүүдө. Ошентсе да онлайн режиминде окутуу боюнча алдыда көп максаттар жана иштер турат.



Окуу жайыбызда мамлекеттик тилди ар тараптуу өнүктүрүү жана өркүндөтүү иш-чаралары мындан ары да ишке аша бермекчи. КМТУ инженердик билим берүүнүн флагманы гана болбостон, мамлекеттик тилибиздин өнүгүшүнө да флагман боло алат деп ишенебиз.

***Төрөбеков Б. Т.,*** *КМТУнун өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору*

---



**Эне тилим**

Эне тилим – Кыргыз тилим,
Чыңгыз атам даңктаган.
Манас бабам туу көтөрүп ,
Кыргыз тилин сактаган.

Тилибизди барктабасак, сыйлабасак,
Тилибизди туу көтөрүп, даңктабасак,
Бөтөн журттун, чырагына май тамызып
Калабыз эне тили жок эл аталып.

Ошондуктан, кыргыз тилин даңктайлы!
Жүрөгүбүзгө өмүр бою сактайлы.
Кыргыз тилин, менин тилим деп атап,
Ай-ааламга жаңырталы, айталы!

Кыргыз тили, нечен кылым карыткан,
Кыргыз тили, нечен элди багынткан.
Кыргыз тилин Манас бабам доорунда,
Бөтөн журтка, тилибизди жаңырткан.

***Тагаева Акылай,*** *ТППЖП (МЛ) 1-20 тайпасынын студенти*

# С ГОРДОСТЬЮ НЕСТИ ИМЯ ИСХАКА РАЗЗАКОВА ПО ЖИЗНИ




В рамках предъюбилейных мероприятий, посвященных **110-летию** легендарного сына кыргызского народа ***Исхака Раззакова*** хочется отдать дань благодарности и восхищения этому удивительному человеку. Свою карьеру Исхак Раззаков начал в достаточно молодом возрасте (35 лет), благодаря тому, что в высоких кругах власти были отмечены его морально-волевые качества, выдающиеся способности, блестящие знания и высокая ответственность за порученные дела. Решением Политбюро ЦК КПСС советского правительства в 1945 году Раззаков был назначен председателем Совета Министров Киргизской Республики. С приходом Раззакова Совет Министров Республики заметно улучшил свою работу. Во всех государственных структурах был наведен соответствующий порядок, на высоте была и трудовая дисциплина. Исхаку Раззакову были чужды эгоизм и корысть, думая только о народе он смог взять на свои плечи задачу жить интересами своей страны и вывести республику из создавшихся трудностей послевоенного времени. Лидерские качества помогли ему в 1950 году возглавить республику. Напряженная работа людей под руководством И.Раззакова принесла свои плодотворные результаты. Всем своим поведением, поступками, действиями, служением Отечеству он заслужил признание и любовь народа. Исхак Раззакович придавал великое значение науке и высшему образованию. Большое внимание уделялось подготовке и повышению уровня квалифицированных научных кадров, профессорско-преподавательского состава вузов, квалифицированных инженерных и рабочих кадров для отраслей народного хозяйства. За время его руководства (с 1950 по 1961 год) были построены и введены в действие новые заводы, фабрики, шахты, электростанции, ирригационные системы, школы, жилые дома.





Именно благодаря Исхаку Раззакову было инициировано создание первого инженерного вуза страны – Фрунзенского политехнического института в далеком 1954 году. Подобные вопросы и проблемы в то время решали только в Москве. Природная харизма и блестящий ум Исхака Раззаковича позволили убедить руководство страны советов в необходимости создания образовательного учреждения. Так началась история зарождения нашего университета. В этом году наш университет перешагнул 65-летний юбилей. Вот уже 25 лет Кыргызский Государственный Технический Университет с гордостью носит имя Исхака Раззакова.

**«Если ты будешь чист, если я буду чист, то и общество будет чистым»** - такое крылатое высказывание Исхака Раззакова открывает двери в наш университет для всех гостей. Знакомство с жизнью и деятельностью Исхака Раззакова для наших первокурсников начинается с просмотра художественного фильма «Исхак Раззаков», с последующим обсуждением жизни и деятельности великого кыргызского лидера. В течение года проводятся различные конкурсы сочинений и эссэ среди студентов-первокурсников о жизни и деятельности Исхака Раззакова, материалы для которых они всегда могут найти в НТБ КГТУ им.И.Раззакова. В день рождения И.Раззакова ежегодно проводятся круглые столы, семинары, торжественные мероприятия с концертной программой и обязательным возложением цветов к памятнику И.Раззакова, открытие которого состоялось 18 сентября 2014 года. Наш Вуз тесно сотрудничает с молодежной организацией «Лейлек жаштары», из года в год организовывающей цикл мероприятий, посвященных Исхаку Раззакову.

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ № 522**

**ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**«О ПРИСВОЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ТЕХНИЧЕСКОМУ УНИВЕРСИТЕТУ ИМЕНИ И.РАЗЗАКОВА»**

*г.Бишкек* *5 декабря 1995г.*

Правительство Кыргызской Республики п о с т а н о в л я е т:

Присвоить Кыргызскому техническому университету имя Исхака Раззакова и впредь именовать его «Кыргызский технический университет имени Исхака Раззакова»

Премьер-министр ***А.Джумагулов***

ЦГА КР. Ф.350. Оп.14.Д.7925.Л.42.Подлинник.



В преддверии 110-летнего юбилея И.Раззакова хочется отдать долг настоящему лидеру своего народа, который не жалел сил для экономического и культурного процветания своей страны. Поистине, он занимает достойное место в современной истории, которую мы должны донести последующим поколениям, дав полное представление о его многогранной деятельности и сложной судьбе, принесенной в жертву политических традиций того времени. Его имя золотыми буквами вписано в летопись нашей страны.

***Ж.К. Абдусаматова,***
*директор ДСВ и ВР*

# АР БИР ЭЛДИН ТИЛИ УЛУК

2020-жылдын 17-февралында КМТУда «Эл аралык эне тил» жумалыгынын ачылыш аземи болуп өттү. Мындай иш-чаралар көп улуттуу И.Раззаков атындагы КМТУда иштеп, окуп жаткан бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоо, аны үйрөнүү жана өнүктүрүү шарттарын түзүү максатында уюштурулуп келет. Иш-чарага кыргыз тили, орус тили, чет тилдер кафедралары жана Кыргыз-Корей маалыматты жеткирүү, Түрк тили, Немис тили борборлору өздөрүнүн презентацияларын жана көргөзмөлөрүн элге тартуулады. Программага ылайык, катышуучулар ар улут-






тун каада-салты, маданияты, улуттук тамагы жана тили боюнча маалымат беришип, ал мамлекеттин өзгөчөлүктөрүн элге тартуулап, көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, майрам жогорку деңгээлде өттү. Иш-чарада катышуучулар ыр, бий боюн-



ча өздөрүнүн өнөрлөрүн тартуулашты.

Майрамдык салтанатка КМТУнун ректору М.Дж.Жаманбаев, Өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору Б.Т.Төрөбеков менен бирге КРнын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиясынын маалымат катчысы К.Жакыбалиев, ошондой эле Кыргызстандагы Түркия элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Харун Каржы, ТОМЕР курстарынын директору Ахмет Гозубол жана Анадолу лицейинин директору Елиз Кая катышты.

Университеттин ректорунун буйругуна ылайык, быйыл «Эне тил жумалыгы» 17-24-февраль күндөрү өтүп, бул жумалыктын алкагында университеттин бардык түзүмдөрүндө майрамдык иш-чаралар, андан сырткары бир жума бою ачык сабактар, «Заманбап дүйнөдөгү көп тилдүүлүк» темада кураторлук сааттар менен тегерек столдор жана талкуулар уюштурулууда. Илимий китепканада түрдүү этностордун эне тили менен маданиятын чагылдырган көргөзмөлөр, технологиялык факультет тарабынан даярдалган кийиздерден жасалган кол



өнөрчүлүктүн жана заманбап үлгүдөгү кыргыз кийимдеринин коллекциясынын көргөзмөсү, Кыргыз тили кафедрасы тарабынан “Элимде нандын баркы улук, сыйлайт нанды жалпы улут” аттуу боорсоктун түрүнүн презентациясы уюштурулду. Ошондой эле студенттер арасында «I love English, because…» аталышындагы постерлерге, “Көп тилдүүлүк – ынтымакка өбөлгө” аттуу 1-курстар арасында дил баян сынактарына студенттер активдүү катышууда. Мындан сырткары жумалыктын алкагында улуттук оюнду даңазалаган “Көк





бөрү” кинотасмасын, корей, түрк, орус, немис, англис тилиндеги кинотасмаларды көргөзүү уюштурулган.

Көп тилдүүлүктү колдоо, жаштарды дүйнөлүк тилдерди үйрөнүүгө шыктандыруу, тил үйрөнүү аркылуу билим берүүнү жакшыртуу, маданиятты көтөрүү, улуттар аралык ынтымак, достук, кызматташтыкты чыңдоого арналган бул иш-чаралар жогорку деңгээлде өткөрүлүүдө.

***Асанбекова Ч.М.,** Мамлекеттик тил бөлүмүнүн башкы адиси*

# КАНЧА ТИЛ БИЛСЕҢ – ОШОНЧО ДИЛ БИЛЕСИҢ

**Кыргызстандык жаштардын көбү чет өлкөдө билим алууга кызыгат. Интернет менен маалымат технологиянын заманында буга жол ачык жана мүмкүнчүлүктөр көп.** DAAD, Tempus Tacis, Erasmus Mundus, IREX, Fulbright, ACCELS жана башка программалар аркылуу кетип, окуп жаткандардын баарын алганда, 13 миңден ашык жарандарыбыз чет мамлекеттерде билим алууда. Дүйнөнүн алдыңкы АКШ, Европа, Жапония, Кытай, Түркия жана башка өлкөлөрдө окуу жайларга өтүүнүн жол-жобосу кандай? Бул үчүн даярдыкты эмнеден баштоо керек? Бул жөнүндө биз Харбин университетин бүтүрүп келген Бопушева Асина Токтосуновнадан кызыктуу маалыматтарды алдык.



Асина Бопушева КМТУнун Инженердик-экономикалык факультетинин Маалыматтык системалар жана техно-



логиялар кафедрасын ийгиликтүү бүтүрүп, аталган кафедрада окутуучу болуп иштеп, 2015-жылы Кытайдагы Харбин университетинин магистратурасына билим алууга мүмкүнчүлүк алган. Асина Токтосуновна төмөнкү кызыктуу маалыматтар менен бөлүштү.

Харбин политехникалык университети эң мыкты С9 Лигасынын катарына кирет. С9 лигасына Фудань, Цинхуа, Пекин аттуу атактуу окуу жайлар кирет. Кытайда сапаттуу билим берген университет катары белгилүү. 1920-жылы негизделген Харбин политехникалык



университети табигый, юридикалык, техникалык, башкаруу жана илимий-изилдөө тармактарын камтыйт. Университет 39 өлкөдө 278 окуу жайлары менен кызматташып келет. Ийгиликтүү классикалык билим берүү, илимий-изилдөө иштери жана эл аралык кызматташуу Харбин политехникалык университетин дүйнөлүк класстагы университеттердин бирине айландырды. Студенттер үчүн стипендия, жатакана жана башка шарттар каралган. Кытай тилин өздөштүрөм же ал жакта окуйм дегендер үчүн бир жылдык тил курсу абдан маанилүү.





Себеби, Кытайды көрүп эли менен жакындан таанышып, тил үйрөнүп, эркин сүйлөп кетүү жеңил болот деп Асина белгилеп кетти. Өзү дагы 1 жылдык тил үйрөнүү курсун, кийинки 2 жылы адистиги боюнча окуган. Каникул учурунда Корея, Малайзия, Индонезия сыяктуу өлкөлөргө саякатка барып таанышууга да жетишкен. Учурда окууну аяктап диплом алып өзүнүн мекенине кайтып келип докторантурага Кытайга даярданып жаткан учуру. Асина Бопушева бардык студенттерге кандай гана кыйынчылыктар болбосун жеңип, башка чет тилдерди да үйрөнүш керек деп кеңеш берет. Кытайда билимге умтулган жаштар көп. Жөнөкөй эле мисал: окуу жайда китеп кармап же китепканада студенттердин кезек күтүп турганын көп көрөсүң деп белгилейт.

Студенттерге кошумча айта кетчү нерсе, чет мамлекетке сапарга чыгаарда психологиялык жактан да даяр болуу зарыл. Тили, салты, маданияты, менталитети таптакыр башка чөйрөгө түшкөндө албетте кыйынчылыктар көп болот. Бирок, кыйынчылыктарга карабастан, тажрыйба топтоп, өлкөмө келип мыкты адис болуп, мамлекеттин өнүгүүсүнө өз салымымды кошом деген ой менен жөнүгүлө деп айтаар элем.

*Мамлекеттик тил бөлүмү*

# УЧУРДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ЖАҢЫ ФОРМАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ

*Дистанттык, онлайн окутуу – азыркы учурдагы эң активдүү тренддерден болууда Коронавирус пандемиясына байланыштуу карантин башталганы өлкөбүздөгү ЖОЖдор дистанттык онлайн окутууга өттү. Окуу жайда окутуунун жаңы форматтарын өздөштүрүү зарылдыгы чыгып, айрым көйгөйлөр да пайда болууда. Мындай кырдаалда аралыктан окутуу боюнча КМТУда административдик буйруктун негизинде аралыктан окутуу* ***боюнча Diskord,***




***Zoom, Skype, WhatsApp тиркемелери жана AVN маалыматтык билим берүү порталы*** *аркылуу сабактар, семинарлар, жыйындар жана студенттер менен өтүлүүчү иш-чаралар өткөрүлүп жатат. Андан тышкары айта кетсек, көптөгөн окутуучулар дистанттык түрдө сабак өтүүдө кызыктуу окуялар менен коштолгон кыйынчылыктардын негизинде жогорудагы аталган программаларды түздөн-түз өздөштүрүүгө туура келди. Бир гана сабак өтүү менен чектелбестен тил борборлору, кафедралары тарабынан онлайн форматта да көптөгөн коомдук иш-чаралар, проекттер жүргүзүлүп келген. Бул жагдайда окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы жана студенттер тарабынан берилген маегибиз менен кыскача тааныштыра кетсек.*

***Дизайн жогорку мектебинин башчысы, доц. К.К. Коеналиев:***

Аралыктан окутуу мен үчүн көп деле жаңылык болбосо керек. Себеби, 2019-жылдын жай айларынан баштап эле Билим берүү министрлигинде электрондук окуу куралдарын, электрондук программаларын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлүп, (Е-УЧЕБНИК) аттуу стандартты иштеп баштаган элек. Азыркы убакта ал стандарт иштелип бүтүп, элге талкууга таратылган. Ошондой болсо да, иш жүзүндө аралыкта окутууда студенттер тараптан көптөгөн кыйынчылыктар пайда болду. Персоналдык компьютердин жоктугу, же чоң үй-бүлөөлөрдө компьютерлердин жетишсиздиги, интернеттин жай иштөөсү көпчүлүк студенттерди кыйнады. Ал эми жалкоо студенттерге кошумча шылтоолор пайда болду.


***Кыргыз тили кафедрасынын улук окутуучусу Рысбекова Д. А:***

Аралыктан окутуу учурунда кызыктуу абалдар деле кезиккен жок. Студенттердин сабагында жолтоо болгон учурлар көп эле кездешти. Интернеттин тартыштыгы, көп адамдар жашаган үйдөгү ызы-чуулар студенттердин сабагына жолтоо болуп жатты.

Бир гана кафедралар менен чектелип калбастан тил борборлорунан да кабар алууга жетиштик. Алсак, Чет тилдер кафедрасынын башчысы, доцент ***Чокморова Айнура Мырзабековна*** аралыктан окутуу учурунда сабак менен гана чектелбестен ар кандай иш-чаралар өткөрүлүп жатканы тууралуу сүрөт менен кызыктуу маалыматтарды берди. **Аларды атай кетсек:** ЭКФ "Роза Отунбаеванын демилгеси" жана И. Раззаков атындагы КМТУ Кыргыз Республикасында СТЕМ билим берүүнү өнүктүрүүнүн жана кыздарды инженердик адистикке тартуунун алкагында СТЕМ "ИЛИМ КЫЗ" интерактивдүү мектебин уюштуруп келишкен.


***Немис тили борборунун жетекчиси Токтосунова Ш.Т.*** Өлкөдөгү өзгөчө кырдаалга байланыштуу 2020-жылдын 16- мартынан баштап немис тилине аралыктан окутуу түрүнө которулган. Бул Билим берүү министринин буйругу менен киргизилген зарыл чара. TsNYA тобу бул чарага түшүнүү жана жоопкерчилик менен мамиле кылат. Алгачкы күндөн тартып ар бир мугалим студенттер менен байланыш түзүп, Whats App - топторун уюштурушкан. Сабактар бардык жеткиликтүү ресурстардын жардамы менен жүргүзүлөт: avn portal, Whats App, электрондук почта, Zoom, Jitsy Meet, Google Class Room ж.б.

Кыска убакыттардын ичинде кыйынчылыктарды жараткан техникалык каражаттарды колдонуп, он-лайн режиминде иштөөнүн бардык стилин калыбына келтирүү керек болду, бирок бардык эле студенттер керектүү техникалык каражаттарды колдоно алышкан жок. Алыскы райондордо интернет начар болгондуктан, окутуучулар ар бир студенттин жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, ишти уюштуруп, Интернетке туташуунун ар кандай формаларын айкалыштырышты.




***Түрк тили борборунун окутуучусу Nezir Acan сабактарынан алынган маалыматтарын бере кетти.***

Учурдагы кырдаал, албетте, бизге таасирин тийгизди. Биринчиден, азыркы кырдаал башкаларга окшоп, коркуу сезимин жана тынчсыздануусу жаратты. Эгер сиз дүйнөнүн бардык мамлекеттери өздөрү үчүн жабык деп ойлосоңуз, анда учуу каттамдары токтотулуп, аэропорттор жабылып, саякатка тыюу салынган.



Бардык иш-аракеттер жокко чыгарылып, коомдук жашоо дээрлик кыйрап жатат. Адамдар коомдон обочолонуп жашоого аргасыз болушкан.

Экинчиден, бул бизге билим берүү жана окутуу багытында таасирин тийгизди, бизде жыл аягына чейин окутушубуз керек болгон окуу планы бар болчу, алардын көпчүлүгү ишке ашпай калды.

Тренингдин үзгүлтүккө учурашына жана окуучулардын сабактан кетишине жол бербөө үчүн же жок дегенде алар үйрөнгөндөрүн унутуп калбаш үчүн биз жасаган дистанциялык билим берүүнүн айырмачылыгы жана татаал жактары бар.

Дистанттык билим берүү эч кандай мектептин же бетме-бет билим берүүнүн ордун баса албайт деп айта алам, анткени окуу имараттары, класстар окуучуларга социалдаштыруу жана жакшыраак билим берүү чөйрөсүн сунуштайт эмеспи.

***Моңолдоров Нурболот И. Раззаков атындагы КМТУнун Лг(б)-2-19 группасынын студенти:***

Март айында аралыкта, онлайн окуу болот дегенде, көбүнчө студенттер, анын ичинде айрыкча мен аябай сарсана болгом. Бирок окуу башталаарда колумдан келээрине күмөн саноолорум болгон. Дистанттык окуу башталган биринчи күнүнөн тарта мугалим, эжеагайларыбыз өзүнүн тажрыйбалуулугу менен онлайн сабак өтө башташты, эжеагайларыбыз бул жактан да профессионалдыгын көрсөтүп, бизге онлайн сабак окуп баштaшты.

***Сооронбаева З.К.** – Кыргыз тили кафедрасынын улук адиси*

# КМТУда АРАЛЫКТА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ



***"... Санарип доорунда жана ошону менен бирге аралыктан онлайн билим берүү учурунда маалымат технологиялардын жана мамлекетибизде интернет технологиялардын потенциалы жогору болуу керек..."***

Учурда өлкөбүздө баардык билим берүүчү мекемелер салттуу окутуу формасынан аралыкта окутуу формасына өттү. Аралыкта окутуу учурунда университеттин окутуучулары жана студенттери билим берүүнүн жаңы инновациялык онлайн окутуунун усулдары менен маалыматтык технологияларды тиешелүү деңгээлде өздөштүрө алышты десем жаңылышпаймын.

КМТУнун окутуучулары жана студенттери 2020-2021-окуу жылын онлайн окутууну ZOOM, JITSI жана башка платформаларын колдонуу менен старт алышты. Андан сырткары окутуучу менен студенттин ортосунда WhatsApp, Telegram ж.б социалдык тармактары менен байланышып жатышты, бирок бул мессенджерлер менен толук сабак өтүү туура эмес деп ойлойм, себеби учурда online.kstu.kg билим берүү порталы иштелип чыккан. Портал аркылуу окутуучулар студенттер менен маалымат алмашуу процессин жана өздөрүнүн окуу-усулдук комплекстерин жайгаштырууга, андан сырткары сабак өтүү үчүн окутуучу студенттин жана өзүн тынчын албай белгиленген график менен окуу процессин жүргүзсө туура болот деп ойлойм. Online.kstu.kg порталы бул КМТУнун IT-департаменти жана программалык инженерия багытындагы Erasmus долбоору аркылуу чет мамлекеттен атайын курстардан өтүп келген студенттер тарабынан даярдалды. Бул долбоордун алкагында биздин университетте 4 инновациялык лаборатория түзүлдү.



Биздин окутуучуларыбызга жана студенттерге ыңгайлуу шарт түзүү максатында Microsoft Corporation компаниясы менен видеоконференция уюштурууга TEAMS программасын колдонуу үчүн келишимдер түзүлдү. Учурда дистанттык билим берүүдө жеке өзүбүздүн педагогикалык усулубузду башка нукка буруубуз керек, тагыраак айтканда, инновациялык усулдарды, алдыңкы технологияларды пайдалануу менен сабактарды өтүшүбүз абзел.


Салттуу билим берүүгө караганда онлайн билим берүүдө билим берүүнүн сапаты төмөндөгөнүн байкасак болот, себеби бул учурда биз сабак өтүп жатып салттуу билим берүүдөгүдөй ар бир студентке жекече мамиле жасай албай жатабыз, ошондуктан мындай учурда студент жеке өзү дагы аракеттенүүсү керек экендиги талашсыз.

***А.М. Арзыбаев** – т.и.к., доцент, IT-департаментинин директору*

# ТИЛ КӨПҮРӨ ИЛИМ МЕНЕН БИЛИМГЕ



И.Раззаков атындагы КМТУнун “Жогорку Дизайн Мектебинин” жаш окутуучулары Узбеков Авас, Сулайманова Камила жана Тойчубекова Гульназ Кыргызстандагы Түрк кызматташтык жана координация агенттиги жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2020-жылдын 24-29-февраль күндөрү уюштурулган “3Ддизайн жана 3D моделдөө принтерин колдонуу боюнча базалык окутуу” аталышындагы программанын тереңдетилген модулуна катышышты жана анын жыйынтыгында сертификатка ээ болушту. “3D дизайн жана 3D моделдөө принтерин окутуу” программасын Туркиядан келген адистер түрк тилинде өткөрүштү. Айта кет-





сек, жаш окутуучулар университеттеги ТОМЕР курстарын ийгиликтүү аяктап, түрк тилин мыкты өздөштүрүшкөн.

Сертификат тапшыруу аземине Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин Кыргызстандагы координатору Али Муслу жана Түркиядан келген 3D дизайн боюнча адис Джелаледдин Четинкая катышышты.

# УЛУУ ЖЕҢИШКЕ 75 ЖЫЛ

Улуу Ата Мекендик согуш – 1941–45-жылы совет элинин фашисттик Германияга жана анын союздаштарына каршы Ата Мекенинин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн адилеттүү күрөшү.

Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда СССРге кол салган. Ал «Барбаросс» деп аталган планы боюнча Советтер Союзун бир нече жумада эле талкалап, 1941-жылдын кышына чейин СССРдин европалык бөлүгүн толук басып алмак. Адегенде эле фашисттик Германиянын 5,5 млн адамдан турган 190 дивизиясы Совет өлкөсүнө басып кирген.

Улуу Ата Мекендик согуш дүйнөлүк 2-согуштун (1939–45) маанилүү жана чечүүчү бөлүгү. Бул согушка Кыргызстан-



дан 360 миңдей адам катышкан. Алардын 150 миңдейи орден жана медалдар менен сыйланган. 29 адам Даңк орденинин толук ээси, 73 жоокер Советтер Союзунун баатыры болгон. 90 миңден ашык кыргызстандыктар курман болгон.

Ар жыл сайын мекенибизде 9-май күнү салтанаттуу түрдө майрамдалып келет. Бирок бул жылы учурдагы кырдаалга байланыштуу онлайн форматта өттү.

И.Раззаков атындагы КМТУда Улуу Ата-мекендик согуштагы жеништин 75 жылдыгына карата онлайн түрүндө студенттердин арасында согуш, жениш, тынчтык темасындагы видео-роликтердин, жениш, тынчтык, ынтымак, эрдик, эмгек жөнүндөгү көркөм окуулардын, согуш мезгилинде элдин духун көтөргөн обондуу ырларды аткаруу, согуштагы жана тылдагы эмгектенгендердин эрдигин жана эмгегин чагылдырган чыгармалардан Аталардын эрдиктерин даңктайбыз» аталышында инстаграм социалдык тармагындагы кыргыз тили кафедрасы тарабынан түзүлгөн (kyrgyz_tili_kafedrasy) баракчасында онлайн акция болуп өттү. Акцияга КМТУнун студенттери, кызматкерлери жана жалпы билим берүүчү мектептер катышты. Жыйынтыгында 93 видеоролик катталса алардын 27 катышуучусуна электрондук «Мактоо баракча» менен сыйланды.

КМТУнун студенттери тарабынан эң жакшы даярдалган 3 видеоролик Кыргыз




Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан өткөрүлүп жаткан “Жеңиш ырын ырдайбыз” аттуу студенттер арасындагы республикалык онлайн фестиваль-сынагына жиберилип, жыйынтыгында Инженердик-Экономикалык факультетинин 1-курсунун студенти Атаналиев Марсен байгелүү орунга ээ болду.

*Н. Жунусалиев, МТ бөлүмүнүн адиси*

Бишкек шаары, Ч. Айтматов көчөсү, 66.
Мамлекеттик тил бөлүмү, 0312 54 51 22
https://kstu.kg/otdely/otdel-gosudarstvennogo-jazyka
*Башкы редактору* **Б.Т. Төрөбеков** – КМТУнун өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору.
*Редактордун орун басары*
**Ч.М. Асанбекова** – мамлекеттик тил бөлүмүнүн адиси.
Дизайнери **М.Кадыров.**
Сүрөтчүсү **Н. Жунусалиев.**
*Басууга 18.09.2020-ж. кол коюлду.*